УДК 821.512.154
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-350-354

**УМАРОВА Р.М., ДАРМАНОВА З.А.**
К. Карасаев атындагы БМУ
**УМАРОВА Р.М., ДАРМАНОВА З.А.**
БГУ имени К. Карасаева
**DARMANOVA Z.A., UMAROVA R.M.**
BGU named after K. Karasaev

ORCID: 0009-0005- 8346-7582
ORCID: 0009-0003-00005-1692

# А. ТОКОМБАЕВДИН АКЫНДЫК ЧЕБЕРЧИЛИГИ

## ПОЭТИЧЕСКОЕ МАСТЕРСТВО А. ТОКОМБАЕВА

## A. TOKOMBAEV'S POETIC SKIL

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада А. Токомбаевдин алгачкы чыгармачылыгы, поэзиясы, акындык изденүүлөрүндөгү чеберчилиги тууралуу сөз болот. Акындын поэзиясынын тематикалык-идеялык багыты, чыгармачылыгынын алгачкы жана Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки жылдардагы мекен, сүйүү, достук, жашоо, өмүр тууралуу жазылган лирикалык ырларындагы көркөм сөз менен иштөө чеберчиликтери, акындык табылгалары иликтенген.

**Аннотация:** В статье рассказывается о раннем творчестве, поэзии, поэтических исканиях, мастерстве А. Токомбаева. Исследованы поэтические находки, тематико-идейная направленность поэзии поэта, мастерство работы с художественным словом в лирических стихах о Родине, любви, дружбе, жизни в годы первой и Великой Отечественной войн и в последующие годы.

**Abstract:** In this article talks about Tokombaev's early work, poetry, poetic pursuits, and skill. The poetic finds, the thematic and ideological orientation of the poet's poetry, the skill of working with the artistic word in lyrical poems about the Motherland, love, friendship, life during the First and Great Patriotic Wars and in subsequent years are studied.

**Негизги сөздөр:** поэзия; жанр; образ; тематика; идея; эстетика; форма; мазмун; акын; чеберчилик.

**Ключевые слова:** поэзия; жанр; образ; тематика; идея; эстетика; форма; содержание; поэт; мастерство.

**Keywords:** poetry; genre; image, theme; idea; aesthetics; form; content; poet; art.

А. Токомбаев – кыргыз адабиятынын баштоочуларынын жана негиздөөчүлөрүнүн бири. Ал көркөм сөз өнөрүнүн бардык жанрларында чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрүн жарата алган. Ошентсе да анын поэзия жаатындагы изденүүлөрү молдугу, тематикалык-идеялык жактан көп түрдүүлүгү менен, эстетикалык деңгээлинин бийиктиги менен айырмаланып турат. Анын акындык талантынан жаралган ырларынын эстетикалык жактан жогорулашы 1930-жылдардын экинчи жарымына таандык деп эсептөөгө болот. Анын төмөндөгүдөй «Ленин тууралуу» (1927) «Аял айнеги» (1929), «Атака» (1932), «Эмгек гүлү» (1932), “Биздин китеп” (1934), “Канаттуу достор” (1935), “Иргелген ырлар жана поэмалардан үзүндү”(1935), “Комуз күүсү” (1960), “Мезгил үнү” (1965), “Жылдызым” (1976) “Токтолбойт толкун түбөлүк” (1995) сыяктуу бир нече ырлар жана поэмалар жыйнактары, чыгармалары жарык көргөн. А. Токомбаевдин отузунчу жылдардын биринчи жарымына чейин жаралган ырларынын мазмуну көбүнчө үгүт, насаат жана пропаганда, чакырык мүнөзүндө болуп, Октябрь революциясынын жеңишин, совет бийлигин келишин, жаңы замандын жаңылыктарын, Ленинди, партияны даңазалаган, элди билимге умтулууга чакырган ырлардан турган.

Бул маселе тууралуу окумуштуу Б. Алымов да мындай деп жазган: ”Тап күрөшүнө арналган саясий жана граждандык лирика А. Токомбаевдин андан аркы бүт чыгармачылык

жолунун негизги өзөгүн, багыты менен мазмунун түздү. Саясий ырларды жазуу менен ал акындык парзын, поэзиянын түпкү максатын сөз өнөрүнүн дөөлөтү менен наркын түшүндү. Кийинчерээк жазылган “Поэзия”, “Жүрөк канын сыя кыл”,”Милдеттенген ачык кат”, ”Жүр барабыз”, ”Каламга” ж.б. ырларында акындын коом алдындагы милдети кандай болуу керектигине көңүл бурган.” [1]

Көркөм чыгармачылыктагы мындай көрүнүш ошол мезгилдеги көпчүлүк кыргыз акындарынын чыгармачылыгына тиешелүү сапаттардан болчу. Аталган маселенин келип чыгышынын түпкү маңызын окумуштуу С. Байгазиев А. Токомбаевдин замандашы Ж. Турусбековдун чыгармачылыгы тууралуу сөз кылып жатып мындай деп жазат: “Оңутту бийик, чабыты кенен, өлчөөнү түз алууга жолтоо болчу дагы бир нерсе бар эле. Бул болуп өткөн революциялык бурулуштун жүрүп жаткан гиганттык өзгөрүүлөрдүн, зор кайра куруулардын тикеден-тике таасири астында акындын терисине батпай, толкуп-ташып, сыймыкка кубанычка чакап, күчтүү эмоционалдык абалда тургандыгы. Мындай эмоционалдык абал тема менен автордун ортосундагы дистанцияны кармоого кедергилик кылып, маселени акын атаан кылган мерчемдин бийиктигине, көздөгөн масштабдын алкагына алып чыгып ырдоого капшабын тийгизүүгө мүмкүн болчу.” [2

А. Токомбаевдин отузунчу жылдардын экинчи жарымынан кийинки жазылган поэзиясында Ата Журт, Мекен, тынчтык, жашоо, турмуш, өмүр, өлүм, махабат, достук темасындагы ырлары басымдуулук кылат. Акындын чыгармачылык изденүүлөрүнөн жыл өткөн сайын анын поэзиясынын мазмундуулугу артып, философиялык ой жүгүртүүлөрү тереңдеп, тематикалык жактан да, көркөмдүк-эстетикалык деңгээли жагынан да өсүп- өнүгүп турган.

Акын Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жана андан кийин да туулган жер, Мекен тууралуу да күчтүү патриоттук сезим, чакырыктарга сугарылган “Жогол согуш, “Сакчынын ыры,” “Тынчтык”, “Мекеним”, “Мекен-Эне”, “Жеңген эл, “Кыргыз урааны, “Республикам,“ ”Аткан таң өңдөнөт Ата Журттун элеси” сыяктуу бир канча поэзиялык чыгармаларын жазган. Акындын мындай ырларынан эл-жерге болгон сүйүүсүнүн чексиздиги, туулган жерге сыймыктануусу, кубанычы, аны өмүр бою даңазалап даңктап, барктап келген жүрөк сезимдери ачык-айкын көрүнүп турат. Акын поэзиялык чыгармаларында элдин бактысын, эркиндигин, келечегин өлкөнүн Октябрь революциясынан кийин ээ болгон боштондугу менен байланышта карап, совет мамлекетинин гүлдөп өнүгүп жаткандыгын зор ишеним менен жар салып ыр жазып келген. Бул багытта өмүр бою канча ыр жазса да мазмуну менен көркөмдүк сапаттары жагынан кайталангыс ырларды жарата алган. Эл-жер үчүн согушкан кыргыз жоокерлеринин эрдиктерин поэтизциялаган чыгармачылыгы азыркы муун үчүн эл алдындагы эр жигиттин милдетин, Ата журт ыйыктыгын туюндуруудагы зор тарбия, үлгү, тарыхый сабак катары да татыктуу баага, зор салмакка ээ деп айтууга ылайыктуу. Акын “Угасыңбы” деген ырында Улуу Ата Мекендик согуштагы жоокерге кайрылуу, чакырык жасап, Эне Мекендин атынан жоокер уулуна мээрим төгүп сагына эркелетип да, буйрук да берип дем күч кайрат тартуулап душманды жеңүүгө үндөйт. Тагыраак айтканда, согуш мезгилинде жазган ырларында жоону жеңүүнү, эр жигиттин эрдигин элге болгон сүйүүсү катары санап, душманга каршы чакырык таштоонун ар кандай формаларын колдонуп, бир канча ырлардын үлгүсүн жарата алган.

Акындын сүйүү темасында жазган ырлары да арбын. “Түгөйүмө”, “Мунар”, “Чын сүйүү”, “Махабат”, “Ак жылдыз”, «Жооп кат», «Телефон», «Дайым көрүп уксам деймин сөзүңдү», «Экөө», «Унут дедиң», «Эскерем», «Сизге», «Эмне үчүн?» «Элестетем», «Түбөлүк деп түшүнбө» деген сыяктуу махабат, ашыктык темасындагы ырларынын көпчүлүгү анын “Мунарым” аттуу жыйнагына да топтоштурулган. Акындын жубайына арнап жазылган сүйүү темасындагы ырларынын бири -“Мунарым”. Ырды акын жубайынан айрылгандан соң аны эңсеп, сагынып, жоктоо маанисинде жазгандыгы байкалып турат.

Талпынсам таппайм айласын!
Талаада калган өңдөнөм,
Таалайым Мунар кайдасың.
Кучактап турсам туйлаган,
Жүрөгүңдү сагындым.
Эңкейсең эрке чайпалган,
Күбөгүңдү сагындым,
Муңаям таппай айласын!

Токомбаев А. Мунарым. – Бишкек: “Учкун”, 2004, 21-б.

Акын бул ырында өмүрлүк жарысыз жашоонун кунары кетип, ансыз жан дүйнөсү жалгызсырап калганын жашырбайт. Ошондой эле жубайынын көз алдында калган

сүйкүмдүү, жагымдуу элесин, көз ирмемдерин күйүткө батып эңсеп, комсоп, сыздап, жүрөгү эзилип, түшүндө бир көрүүгө зар болгон муңканган сезими менен алоолонуп алпурушат. Ансыз көңүлү суз тартып, аргасыз калган абалын ыры аркылуу айтуу менен ага болгон сүйүүсүнүн күчүн да ачыктай алган.

Бул жыйнакта А. Токомбаевдин андан сыткары жарандык лирикалары да орун алган. Акын кайсы гана темада ыр жазбасын образдуу табылган көркөм сөз каражаттарын, таамай табылган салыштырууларды колдонуп, бийик идеялуу поэтикалык саптар менен жеткире айтып, жашоодогу өзү сүрөттөгөн ар бир көрүнүш аркылуу адам баласынын сезимдериндеги сулуулукту, карама-каршылыктарды, жашоонун татаалдыктарын поэзиянын тили менен чебер сүрөттөйт.

А. Токомбаев өзү акындык өнөрдүн кадырын баарынан жогору коёт. “Момия” деген ырында момиянын табылгыс дарылык касиетин, анын аскадагы мээр чөптүн тамчысынан жаралышын айтып келип, поэзияны да аскадан сызылып чыккан момияга салыштырат. Мындан А. Токомбаев акындык касетин өзүн бийик кол жетпеген аскага, акындын тубаса таланттуу сезиминен сызылып чыккан саптарды мээр чөптөн тамчылаган момияга теңеген үн угулуп турат. Акындын чыныгы поэзиянын нукура касиети, андагы ойдун тунуктугу адамдын жан дүйнөсүн тазартуучу сырдуу күчү, тууралуу ойлору мына мындай саптардан да бизге маалым болуп турат:

Ойлосом поэзия – мол момия, Өмүргө өң жараткан сырдын өзү. Асканын салмагынан сызылгандай тамчылап жалт-жулт этет ар бир сөзү. [3]

“Кыялды талдаганда” деген ырынан акындарга гана тиешелүү болгон мүнөз, адамдык сапат, умтулуу, изденүүлөр ачыкка чыгып, ар бир ырдын жаралышынын артында турмуштук көрүнүштөргө ырахаттануу менен, таңыркоо, суктануу, менен кошо көңүл калуу, жапа чегүү, баа берүү, ой жоруу, жооп издөө сыяктуу убараланууну, изденүүнү талыкпас эмгекти көрө алабыз. Демек, акындык өнөрдөгү маңдай тери менен эргүүнүн натыйжасында жаралган жекече ой сезимдерди жалпы акындарга тиешелүү касиетти, образды А.Токомбаев мына бул сыяктуу саптарга чөгөргөн:

Кээде дениз толкун болом шамалсыз, Кээде кушмун –учпай калам амалсыз. Кээде көптү жандай көрөм сүйөмүн, Кээде жалгыз, жүргүм келет адамсыз. [Токомбаев А. Мунарым. – Бишкек: “Учкун”, 2004, 158-б.]

Акын бул ырында кыялга батып, акындык кыялын талдоого алган. Өзүнүн да, бүтүндөй акын аттуунун да кыялдарына, сырдуу дүйнөсүнө баам салып, сын көз менен карап, аны деңизге, деңиз толкунуна салыштырат. Анткени мындай салыштыруудан, элестөөдөн сыртынан караганда жай ойлуу, эч нерседен кебелбегендей болуп көрүнгөн акындын ички дүйнөсүндө көлкүп-чалкыган ой чабыты терең, калкып-балкыган түрдүү сезимдердин өз ара кагылышы, оргуштаган сезим толкундарынын элеси жашагандыгы көз алдыбызга келет. Акындын сезим дүйнөсү дайыма турмуштун түрдүү карама-каршылыктары менен өйдө-ылдый жактарын аралап назар салып, кеңири кулач жайып чабыттап, кубулуп, бирде жай, бирде шар агым менен күүлөнүп улам зор күчкө ээ болуп, эч нерсеге ээ-жаа бербей, толкуп ташып, өзүнө бетме- бет келген карама - каршылыктарды жайпап аралап өтүп, кээде кайра толкун сымал артка тартып, толгонуп деңиз толкуну сымал алга сүрүлүп, ыр түрмөктөрүн жаратат. Ошол кыял кээде токтоп бир аз тыным алып, “кайра амалсыз учпай калган куш” сыяктуу токтой калат. Ырында айтылгандай, акындын кыялы кээде көпчүлүктү жандап эл менен бирге болгусу келсе, кээде жалгыздыкты гана сүйөт, кээде сезимдери баладай чимирилип шоктонот да, кайра эле буркан-шаркан түшүп нөшөрлөп, токтоосуз эркин агылып жөнөйт.”Кызыл чокко кээде каалап түшөмүн деп”, акындык кыялы оттой ысык, сезимди жалбырттап кыйнаган көрүнүштөргө кез келип, аны да жеңип аралап өтүп, от болуп алоолонуп амалсыз азаптарга да туш болот.

А. Токомбаевдин “Акын кыялы”деген дагы бир ырын талдап караганыбызда бул ырында да акындын кыялын толкунга теңейт, акын кыялын кармап калчу, токтотчу чек жоктой, кандай гана учур болбосун ал мезгил же мейкиндикти да тандап отурбайт, ойлору түрмөктөлүп, бирде себеленип, бирде чачылып, ойдун молдугунан сырлары ыр болуп кайра жаралып, бирде чачырап, кайра пайда болуп акын кыялындагы ойлор менен дайыма алпурушат. Акынды өкүндүргөн нерсе аз өмүрдө бул тирүүлүктө артында өлбөс-өчпөс ак эмгек жаратуу, из калтыруу. Акындын кыялы көп түрдүү жана турмуштук таасирлерге, максаттарга бай. “Акын кыялы” деген ушул ырында ошондой эле турмуштун өтө катуу да, ачуу да пенде баласы каалагандай ийге келбеген, билип-билбеген сыры да, көп тилкелүү кырлары бар экендигин

да айтып өткөн, ошентсе да ырында жашоодогу маселелерди чечүү өзүнүн милдети экендигин моюнга алат.Ушул ырында өмүрү өткөндөн кийин келүүчү доорго да көз чаптырат. Мезгил өтүп өзүнүн качандыр бир күн жер астында каларына ишенет, келерки доордун да акындары болоору, өзү жашаган доор тарых барагында калып, өзү туу туткан чындыктын кийинки муундар аркылуу жокко чыгып жарамсыз болуп, түрдүү баалоолорго кабыларын да эскертип өтөт. Фрунзе шаары өсүп, жер жаңыланып, жаңырышын, техникалардын жаңы түрлөрү пайда болуп, билимдүүлөр көбөйүп, тил саясаты алмашып, “таптар сөзү жомок болот” адамдар тапка, топко бөлүнбөй каларын, таптык күрөштүн да убактылуу саясат экенин тартынбай айткан экен. Поэзияга, чыгармачылыкка болгон мамилелер өзгөрүп, мезгили келгенде өз баасын аларына ынанып, акыйкат ой жүгүртө алган.

Акын чындыкты жогору баалаган инсан. Акындын “Үч чындык” деген атактуу ыры түрмөдө отурганда жазылган экен, бирок аны менен бирге “Эгер болсом”, ”Үч суроо” ж.б. ырларында сыйдырылган ойду пессимистик маанайда жазылган ыр катары баалашып, жарыялоого тоскоолдуктар болуп келгенин айрым адабиятчылар белгилеп келишет. Ырдын мазмунун талдап, баа берип караганыбызда өтө философиялуу жана адам мүнөзүндөгү чындыкты, акыйкаттын сабактарын образдуу табылган сөз айкаштары менен ачып бере алган.

“Үч чындык” деген ырынын биринчи куплетинде адам бактысынын чектери, адам пендесинин табиятынын, ички каалоолорунун өтө көптүгү, түгөнбөстүгү, бакытка баткан сайын анын таттуулугу артып кумардантып, кайра күсөтүп, күчтөнткөн адам напсисинин эч качан тойбостугу тууралуу философиялык ойлору берилген. Ырдын мазмуну адам баласы колуна тийген эсепсиз бийлик менен, ченеми жок байлык, мүмкүнчүлүк менен да эч качан бактыга, жашоонун кызыгына тойбогондугу, тескерисинче ого бетер кызыгы артып, канча көп, бактылуу жашаса да ага канааттанбаган адам мүнөзүнүн табиятын да эске салат. Бул ырында жашоонун таттуулугу, кыскалыгы, ошондой эле адам баласына гана таандык болгон пендечиликтин мүнөздүн топуксуз, шүгүрсүз табияты тууралуу ойлор чөгөрүлгөн деп да айтууга болот. Экинчи куплетинде адам кандай гана абалда болбосун тирүүлүктүн баркынын жогорулугун, өмүргө, жашоого тойбостугун өтө чебер бере алган. Куплеттин биринчи жана экинчи сабында аллитерацияны чебер тапкычтык колдонгон, адам кылым бою керемет өмүр сүрүп кыр ашып келип, кыймылсыз жашап калса да өмүргө тойбостукту, жашоодо бар болуунун өзүнүн ченемсиз нерсе катары туюндура алган, анын бардыгын кармап турган күч бул үмүт экендиги менен ырды жыйынтыктайт.

А. Токомбаевдин акындык чеберчилиги тууралуу сөз кылганда анын жаратылыш көрүнүштөрү, пейзаждык лирикасы да өзгөчө орунга ээ. Буга “Тулпарым” аттуу ырын да мисалга тартууга болот. Бул ырынын мазмунунан акындын жан-жаныбарлардын арасынан аттын бөтөнчө бир касиетин башка жаныбарларга окшобогон табиятын суктануу, эргүү менен баян эткендигин көрүүгө болот. Тулпар аттын чуркаганда зымырап шукшурулуп агылып учкан кыймылын ырахаттануу менен өтө узун саптуу ыр түрмөктөрү менен баяндап, тулпардын чуркаган кездеги көрүнүшүн көз илгиртпеген кыймылын, анын ар бир дене мүчөсүнүн сымбатын, басыгына чейин берилип поэтикалык тил менен өтө образдуу тамшанта сүрөттөй алган. Көкүлү жибек көрүнөт, Маңдайдан эки бөлүнөт, Ийнедей болгон кирпиги, Ийменбей терге чөмүлөт, Дүбүртү жерди ойготот, Даңканы чаңды ойнотот, От жүрөктүү эрлерди,

Обу жок күлүк ойлотот. [3] – деген сонун керемет саптарда аллитерацияны колдонуп, рифма, ритм, образдуу табылган уйкашкан көркөм сөз каражаттары менен тулпардын чуркап бараткандагы көркөм портретин элестүү, көңүлгө уюп каларлык деңгээлде сүрөттөгөн. Бул ырдын жаралышы тууралуу окумуштуу А.Садыков мындай деген: А.Токомбаевдин “ Тулпарым” деген ырында элдик көркөм сөз каражаттары менен шөкөттөлгөн эпостук стилдеги сүрөттөө айкын сезилип турат” [4]

“Айлуу түндө Ысык –Көл” деген ыры да акындын көлөмдүү пейзаждык ырларынын бири. Ысык-Көлдүн Айдын жарыгындагы түнкү көрүнүшүн элестүү тарта алган. Акын табияттын кайсы көрүнүшүн ыр саптары менен чагылдырса да чебер, элестүү айтып берүүгө мүмкүн болбогон майда көрүнүштөргө чейин шөкөттөп, жаратылышты сүрөттөйт да, окурмандын да эмоциясын козгоп, андагы дагы ажайып бир сулуулукту ачып берет. “Айлуу түндө Ысык-Көл”деген ырында риторикалык кайрылуу, риторикалык суроолорду чебер колдонуу аркылуу

асмандагы көз жеткис бийиктиктен орун алган сулуулуктун суудагы элесин, көрүнүшүн сүрөттөп, көпкөк болгон асмандын ай, жылдыздуу эгиз сыяктанган картинасы көз алдыбызга тартыла түшөт. Акында импровизациялык таланттын күчтүү болгондугу жогоруда аталган ырларынан башка көпчүлүк поэзия жанрында жазылган чыгармаларынан даана байкалат.

Жалпылап айтканда, акын А.Токомбаев чыгармачылык жолунда тынбай иштеп, изденип көркөм чыгармачылыктын бардык жанрларында чыгармаларын жаратып, поэзия жанры аркылуу да жүрөк сезими менен терең туйган, өзү көрүп-билген турмуш сабактарын, чыгармачылыгын өзгөчө эргүү менен жазып, акындардын мектебин да түзө алган чебер, таланттуу акын.

**Колдонулган адабияттар**


1. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 1-т., 6-б.
2. Байгазиев С. Талант жана адабий прогресс. – Бишкек, 2012, 155-б.
3. Токомбаев А. Мунарым, Токомбаев А. – Б., “Учкун”, 2004, 221-б.
4. Садыков А.Кыргыз залкарлары.1-т. – Бишкек: Бийиктик, 2012, 34-б.


**Рецензент: пед.и.к., доцент Ибраимов К.**